| реструктуризациялоону эске алуу менен). Колледждин директору кызмат ордуна университеттин локалдык ченемдик актыларында белгиленген талаптарга жооп берген башка талапкерлер жок болсо. Ректор бул кызматка учурда ээлеп турган колледждин директорунун иштөө мөөнөтүн кийинки окуу жылына узартууга укуктуу.<br>15. Окуу бөлүмүнүн жетекчисинин өтүнүчү боюнча ректор бир окуу жылына же академиялык жылга, бир академиялык семестрге жана анын ичинде онлайн форматта дистанттык форма боюнча окутууга (КР Эмгек кодексинин **32**[1]-бөлүмү) ОшМУнун ПО курамдын жылдык рейтингинин жыйынтыгы боюнча конкурс өткөрбөй туруп айрым категориядагы адамдар менен эмгек келишимин түзө алат:<br>- окутуучулук ишмердүүлүгүн негизги иш менен айкалыштырууну каалаган өндүрүштө тикелей эмгектенген адис-практиктер;<br>- саат төлөмү менен иштеп жаткан окутуучулар;<br>- пенсия жашындагы окутуучулар;<br>- 3 жашка чейинки бала багуу өргүүсүнөн кийин ишке чыккан окутуучулар;<br>- Университеттин миссиясын, перспективалык жана стратегиялык максаттарын, милдеттерин, стратегиялык пландарын, жаңы билим берүү программаларын ж.б. ишке ашыруу үчүн чакырылган окутуучулар, илимий, илимий-техникалык кызматкерлер;<br>- экономиканын реалдуу секторлорунан, өнөр жайларынан, агрардык, финансылык, укуктук, интернет индустрияларынан, бир тараптуу адистиги боюнча, сейрек адистигинен ж. б. тартылган эксперт-практиктер.<br>16. ЖОЖду, аспирантураны, докторантураны жана базалык докторантураны ошол окуу жылында аяктаган адамдар профессордук-окутуучулук курамдагы кызмат орунуна конкурсу жок эле кабыл алынат. Үч жыл өткөндөн кийин аталган кызмат | директора колледжа более 10 лет в совокупности в одном и том же учебном подразделении (с учетом переименования учебного подразделения и его реструктуризации).<br>Если на должности директора колледжа нет других кандидатов, отвечающих требованиям, установленных в локальных нормативных актах Университета. Ректор имеет право продлить срок пребывания на должности директора колледжа, замещающего данную должность на следующий учебный год.<br>15. По ходатайству руководителя учебного подразделения ректор заключает трудовой договор сроком на один учебный или академический год, один академический семестр и в том числе на преподавание по дистантной форме в онлайн формате (глава 32[1] Трудового кодекса КР) без проведения конкурса по результатам ежегодного рейтинга ППС ОшГУ с отдельными категориями лиц, к которым относятся:<br>- специалисты-практики, работающие непосредственно на производстве, желающие совместить преподавательскую деятельность с основной работой;<br>- преподаватели, работающие в условиях почасовой оплаты;<br>- преподаватели пенсионного возраста;<br>- преподаватели после отпуска по уходу за детьми до 3 лет;<br>- преподаватели, научные, научно-технические работники приглашенные для реализации миссии, перспективных и стратегических целей, задач, стратегических планов Унивесритета, новых образовательных программ и т.п.;<br>- эксперты-практики, задействованные в реальных секторах экономики, промышленной, аграрной, финансовой, правовой, интернет индустрии, узкой специализации, редкой специальности и др.<br>16. Лица, окончившие вуз, аспирантуру, докторантуру и |

| | |
|---|---|
| орундары ушул Жобого ылайык конкурстук негизде ээленет.<br>17. Профессордук-окутуучулук курам менен бир жылга түзүлгөн келишим окуу жылынын аягында мөөнөтү бүткөндүгүнө байланыштуу токтотулат.<br>18. Өзүнүн кесиптик милдеттерин тийиштүү түрдө аткарган шартта, жылдык рейтингдин жыйынтыгы боюнча кафедра башчысынын, түзүмдүк окуу бөлүмүнүн жетекчисинин өтүнүчү жана окутуучунун/адистин макулдугу менен ректор тарабынан жаңы окуу жылына эмгек келишими кайра түзүлүшү мүмкүн | базовую докторантуру в данном учебном году замещают должности профессорско-преподавательского состава без участия в конкурсе. По истечении трех лет указанные должности замещаются на конкурсной основе в соответствии с настоящим Положением.<br>17. Трудовой договор, заключенный с профессорско-преподавательским составом на один учебный год, в конце учебного года расторгается в связи с истечением его срока действия.<br>18. При условии надлежащего выполнения своих профессиональных обязанностей, по результатам ежегодного рейтинга, по ходатайству заведующего кафедрой, руководителя структурного учебного подразделения и с согласия преподавателя/специалиста, ректором может быть перезаключен трудовой договор на новый учебный год |
| **2. Профессордук-окутуучулук курамындагы бош кызмат орундарын ээлеп туруунун тартиби**<br>19. Окуу жылынын аягында ректор тарабынан жаңы келе турган окуу жылына төмөнкү бош кызмат орундарына кабыл алуу боюнча конкурс өткөрүүнүн графиги бекитилет: келаткан окуу жылында мөөнөтү бүткөн профессорлор, доценттер, улук окутуучулар, окутуучулар. Бул график жөнүндө маалымат тиешелүү түзүмдүк окуу бөлүмдөрүнүн жетекчилерине, ошондой эле жаңы мөөнөткө кайрадан шайлана турган адамдарга билдирилет.<br>Бош орундар пайда болгон учурда конкурсту уюштуруу графигине өзгөртүүлөрдү киргизүүгө жол берилет.<br>20. Келаткан окуу жылында мөөнөтү бүткөн профессорлорду, доценттерди, улук окутуучуларды, окутуучуларды кайра шайлоонун Университет бекиткен графигине ылайык конкурс жөнүндө жарыя жалпыга маалымдоо каражаттарында, ОшМУнун сайтында | **2. Процедура отбора кандидатов на замещение вакантных должностей профессорско-преподавательского состава**<br>19. В конце текущего учебного года ректор утверждает график проведения конкурса на замещение вакантных должностей на предстоящий учебный год: профессоров, доцентов, старших преподавателей, преподавателей, срок пребывания которых на должностях истекает в предстоящем учебном году. Данный график доводится до сведения руководителей соответствующих структурных учебных подразделений, а также лиц, которые должны быть переизбраны на новый срок работы.<br>В случае возникновения вакантных должностей допускается внесение изменений в график проведения конкурса.<br>20. Конкурс объявляется в средствах массовой информации, на сайте ОшГУ согласно утвержденному Университетом графику на переизбрание профессоров, доцентов, старших преподавателей и преподавателей, срок пребывания которых на должностях истекает |

| | |
|---|---|
| жарыяланат. | в предстоящем учебном году. |
| 21. Университеттин штаттык расписаниесинде жарым же толук көлөмдөгү штаттык бирдик катары каралган бош кызмат орундарын ээлөөгө конкурс жарыялоо жөнүндө чечимди ректор кабыл алат. | 21. Решение об объявлении конкурса на замещение вакантных должностей, предусмотренных штатным расписанием Университета в объеме полной или неполной штатной единицы, принимает ректор. |
| 22. Университеттин профессордук-окутуучулук курамындагы бош кызмат орундарын ээлөөгө конкурс жөнүндө жарыяда төмөндөгүлөр көрсөтүлөт:<br>- бош кызмат орундун толук аталышы;<br>- конкурстун катышуучуларына коюлуучу талаптар;<br>- конкурска катышуу үчүн керек болгон документтердин тизмеси;<br>- документтерди тапшыруу мөөнөтү;<br>- документ кабыл алган жер, дареги жана байланыш телефондору. | 22. В объявлении о конкурсе на замещение вакантных должностей профессорско-преподавательского состава Университета указываются:<br>- полное наименование вакантной должности;<br>- требования, предъявляемые к участникам конкурса;<br>- перечень документов, необходимых для участия в конкурсе;<br>- срок подачи документов;<br>- адрес, место приема документов и контактные телефоны. |
| 23. Документтерди тапшыруунун акыркы мөөнөтү конкурс жөнүндө жарыя жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыяланган күндөн тартып бир айды түзөт. | 23. Срок подачи документов составляет один месяц со дня опубликования объявления о конкурсе в средствах массовой информации. |
| Талапкерлерден документтерди кабыл алуу акыркы иш күнү саат 17:00дө (16:00), ал белгиленген күндөн тартып 30 күндүк мөөнөт аяктагандан кийин аяктайт. Мөөнөттү эсептөө шайлоо жөнүндө кулактандыруу жарыяланган күндөн кийинки күндөн башталат. Эгерде акыркы 30 күндүк мөөнөт майрамга же дем алыш күнгө туура келсе, анда арыз берүү үчүн акыркы күн майрамдан же дем алыш күндөн кийинки биринчи иш күнү болуп эсептелет. | Прием документов от претендента заканчивается в 17:00 (16:00) часов последнего рабочего дня, по истечению 30-дневного срока со дня его установления. Исчисление срока начинается со дня, следующего за днем опубликования объявления о выборах. В случае, если последний 30-дневный срок выпадает на праздничный, либо выходной день, последним днем для подачи заявления считается первый рабочий день, следующий за праздничным либо выходным днем. |
| 24. Конкурска катышуу үчүн төмөндөгү документтер тапшырылат:<br>1. Арыз (үлгү боюнча)<br>2. Кафедранын чечиминен көчүрмө (кафедранын токтомунун үлгүсү боюнча)<br>3. Кафедранын отурумунун бүтүмү (үлгү боюнча)<br>4. Кафедра башчы тарабынан каралып, бекитилген илимий-методикалык эмгектеринин тизмеси (үлгү боюнча)<br>5. «Окутуучу студенттердин көз карашы менен» деп аталган | 24. Для участия в конкурсе представляются следующие документы:<br>1. Заявление (по образцу)<br>2. Выписка из решения кафедры (постановляющая часть по образцу)<br>3. Заключение заседания кафедры (по образцу)<br>4. Список научно-методических трудов проверенный и заверенный заведующим кафедрой (по образцу) |

| | |
|---|---|
| анкетирлөө тууралуу маалымкат (5 баллдык шкала менен деканаттан берилет)<br>6. ОшМУда иштебеген адамдар үчүн: билими, окумуштуулук наамдары жана даражалары, квалификациясын жогорулатуу жөнүндө, эмгек китепчеси, сыйлыктарынын күбөлүктөрү, университеттин кадрлар резервине киргендиги жөнүндө маалымкат жана башка документтер нотариалдык же иштеген жериндеги кадр кызматы тарабынан күбөлөндүрүлгөн документтердин көчүрмөлөрү.<br>25. Бош кызмат (профессор,доцент жана улук окутуучу) орунун ээлөөгө берилген документтер тиешелүү кафедранын жыйынында (кафедранын кызматкерлеринин катышуусу менен) жарыя кылынган бош кызмат орундарына документ берген адамдардын катышуусу менен каралат.<br>Кафедра башчысы, факультеттин деканы, институттун директору, жогорку мектептин директору, колледждин директору бош кызмат орундарына талапкерлердин документтери ОшМУнун конкурстук комиссиясында каралат.<br>Конкурска катышууга арыз берген адамдардын документтери конкурстук комиссия тарабынан каралат, анын курамы ректордун буйругу менен бир окуу жылына бекитилет.<br>Окуу иштери боюнча проректору конкурстук комиссиянын төрагасы болот. Конкурстук комиссиянын курамына окумуштуу катчы, факультеттердин (түзүмдүк окуу бөлүмдөрүнүн), түзүмдүк бөлүмдөрдүн жетекчилери, окуу бөлүмүнүн жана кадрлар бөлүмүнүн (катчы) ошондой эле кесиптик кошундун жана коомдук уюмдардын өкүлдөрү кирет.<br>Конкурстук комиссия талапкерлерди конкурска катышууга уруксат берүү жөнүндө чечим кабыл алат. Талапкер төмөнкү учурларда конкурска киргизилбейт:<br>- ушул жобонун 7-11-пункттарына, ошондой эле 12-, 13-, 13.1-, 14- жана 14.1-пункттарына коюлган талаптарга ылайык келбесе;<br>- тапшырылган документтери ушул жобонун талаптарына жооп | 5. Результаты анкетирования «Преподаватель глазами студентов» (выдаѐтся деканатом по 5 балльной шкале)<br>6. Для лиц, не работавших в ОшГУ, копии документов: об образовании, ученых званиях и степенях, повышении квалификации, трудовой книжки, удостоверений наград, справка о зачислении в резерв кадров Университета и других документов, заверенные нотариально или кадровой службой по месту работы.<br>25. Документы лиц, поданные на замещение вакантных должностей (профессора, доцента и старшего преподавателя), первоначально рассматриваются на заседании соответствующей кафедры (с участием всех работников кафедры), с участием лиц, подавших документы на замещение объявленной вакантной должности.<br>Документы кандидатов на вакантные должности заведующего кафедрой, декана факультета, директора института, директора высшей школы, директора колледжа рассматриваются на конкурсной комиссии ОшГУ.<br>Документы лиц, подавших на участие в конкурсе, рассматриваются конкурсной комиссией, состав которой утверждается на один учебный год приказом ректора.<br>Председателем конкурсной комиссии является проректор по учебной работе. В состав конкурсной комиссии входят: ученый секретарь, представители факультетов (структурных учебных подразделений), руководители структурных подразделений, учебного отдела и отдела кадров (секретарь), а также профсоюзных и общественных организаций.<br>Конкурсная комиссия принимает решение о допуске претендентов к участию в конкурсе. Претенденты не допускаются для участия в конкурсе в случаях:<br>- несоответствие пунктам 7-11; 12; 13; 13.1; 14; 14.1 требованиям данного положения;<br>- предоставленные документы не соответствуют требованиям |

| | |
|---|---|
| бербесе жана алар тизме боюнча толук болбосо;<br>- арыз тапшыруу үчүн белгиленген мөөнөттөрү бузулганда.<br>Конкурстук комиссиянын чечими (документтердин шайкештиги жөнүндө) ар бир талапкер боюнча кыскача жүйөлүү корутундуну камтыган протокол менен таризделет жана конкурстук комиссиянын төрагасы жана катчысы тарабынан кол коюлат.<br>26. Эгерде конкурстун жыйынтыгында коюлган талаптарга ылайык талапкерлер аныкталбаса, ректор конкурсту кайра өткөрүү жөнүндө чечим чыгара алат. Кийинки конкурс өткөнгө чейин ректор буйруктун негизинде кафедра башчыларынын, түзүмдүк окуу бөлүмүнүн башчыларынын милдетин аткаруучуларын ушул эле түзүмдүк окуу бөлүмүнүн профессордук-окутуучулук курамынын ичинен дайындайт.<br>27. Конкурстун жыйынтыгы тууралуу чечим ректордун буйругу менен тастыкталат. Буйруктун көчүрмөсү тийиштүү кызматка шайланган адамга тапшырылат.<br>28. Кафедра башчы кызмат ордуна койгон талапкерди талкуулоо боюнча факультеттин/жогорку мектептин/институттун Окумуштуулар кеңешинин отурумунда факультеттин деканы, институттун директору, жогорку мектептин директору өткөрөт, алар жок учурда тиешелүү проректор жүргүзөт.<br>29. Конкурска документ тапшырган талапкерлер факультеттин /жогорку мектептин/ институттун Окумуштуулар кеңешинин жыйынында кароого конкурс болгонго чейинки окуу, окуу-методикалык, илимий иштери боюнча жазуу жүзүндө отчетун сунуштайт.<br>Ошону менен факультеттин/жогорку мектептин/институттун Окумуштуулар кеңеши акыркы 5 жылдагы окутуучунун ишмердүүлүгүн баллдык система боюнча баа берет, баллдын суммасы талапкерлердин документтерин баалоонун негизги критерийлеринин бири болуп саналат. Ар бир көрсөткүчтү баалоо шкаласы ОшМУнун Окумуштуулар кеңеши тарабынан талкууланып, | данного положения и не полные согласно перечню;<br>- нарушения установленных сроков подачи заявления.<br>Решение конкурсной комиссии (о соответствии документов) оформляется протоколом, содержащим краткое мотивированное заключение по каждому кандидату, и подписывается председателем и секретарем конкурсной комиссии.<br>26. Если в результате проведения конкурса не были выявлены кандидаты, отвечающие предъявленным требованиям, ректор может принять решение о проведении повторного конкурса. До проведения следующего конкурса ректор приказом назначает исполняющего обязанности заведующих кафедр, руководителей учебных структурных подразделений из числа ППС данного учебного структурного подразделения.<br>27. Решения по результатам конкурса оформляются приказом ректора. Копия приказа вручается лицу, назначенному на соответствующую должность.<br>28. Заседание Ученого совета факультета/высшей школы/института по обсуждению кандидатуры на должность заведующего кафедрой проводит декан факультета, директор института, директор высшей школы. В их отсутствии соответствующий проректор.<br>29. При рассмотрении на заседании Ученого совета факультета/высшей школы/института лица, подавшие документы на конкурс, представляют письменный отчет об учебной, учебно-методической, научной работе за период, предшествующий конкурсу.<br>При этом Ученый совет факультета/высшей школы/института оценивает деятельность преподавателя за последние 5 лет по балльной системе, сумма баллов должна являться одним из основных критериев оценки документов претендентов. Шкала оценки каждого показателя должны быть обсуждены и утверждены Ученым советом ОшГУ. |

| | |
|---|---|
| бекитилиши керек.<br>30. Факультеттин/жогорку мектептин/институттун Окумуштуулар кеңешинин отурумунда ачык көпчүлүк добуш берип сунуш кылуусу менен ар бир талапкер боюнча өзүнчө корутунду кабыл алат, отурум өткөндөн кийин үч жумушчу күндүн ичинде ОшМУнун конкурстук комиссиясынын кароосуна сунушталат.<br>31. Окумуштуулар кеңешинин мүчөсү болбогон түзүмдүк окуу бөлүмүнүн жетекчиси жана проректор кафедра башчылыгына талапкерлер боюнча корутундусун кабыл алууда добуш берүүгө катышпайт.<br>32. Кафедра бириккен же бөлүнгөн учурда профессордук-окутуучулук курамды (профессор, доцент, улук окутуучу) мөөнөтүнөн мурда шайлоо өткөрүүгө тыюу салынат. Кафедра башчы кызмат ордунан тышкары (ушул Жобонун 13-пункту).<br>33. Кафедра бириккен же бөлүнгөн учурда же кайра уюшулган учурда кафедра башчысынын милдети ректордун буйругу менен кафедра башчысы орунун ээлөө үчүн белгиленген тартипте шайлоо өткөрүлгөнгө чейин кафедранын жетектөөчү адистеринин бирине жүктөлөт. Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексиннин негизинде 3 ай мөөнөттөн ашпоосу зарыл | 30. На заседании Ученого совета факультета/высшей школы/института по каждому кандидату принимается заключение с рекомендацией открытым голосованием простым большинством голосов, которое представляется на рассмотрение конкурсной комиссии ОшГУ, в течение трех рабочих дней после проведения заседания.<br>31. Руководитель структурного учебного подразделения и проректор, не являющийся членом данного Ученого совета, при принятии заключения по кандидатурам на должность заведующего кафедрой в голосовании не участвует.<br>32. При объединении или разделении кафедр проведение досрочных выборов профессорско-преподавательского состава (профессор, доцент, старший преподаватель) не разрешается. За исключением должности заведующего кафедрой (13пункт данного Положения).<br>33. При объединении, разделении кафедры и вновь организуемой кафедры, исполнение обязанностей, заведующего кафедрой, приказом ректора возлагается на одного из ведущих специалистов кафедры, до проведения конкурса заведующего кафедрой в соответствии с настоящим Положением. Сроком не более 3 месяцев согласно Трудовому законодательству Кыргызской Республики |
| **3. Конкурсту өткөрүүнүн тартиби**<br><br>34. Профессордук-окутуучулук курамдагы (профессорлор, доценттер) бош орундарды конкурстук ээлөө боюнча шайлоо ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинде жашыруун добуш берүүсү менен өткөрүлөт. Улук окутуучу бош кызмат орундарына шайлоо факультеттин/жогорку мектептин/институттун Окумуштуулар кеңештеринде жашыруун добуш берүү менен өткөрүлөт.<br>35. Конкурстун катышуучуларынын тизмеси аты-жөнүн, окумуштуулук даражасын жана наамын, иш стажын, ээлеген кызмат ордунун аталышын көрсөтүү менен «конкурстук шайлоо» бөлүгүнө Окумуштуулар кеңешинин кезектеги жыйыны өткөрүлгөнгө чейин | **3. Процедура проведения конкурса**<br>34. Выборы по конкурсному замещению вакантных должностей профессорско-преподавательского состава (профессора, доцента) проводятся на Ученом совете ОшГУ тайным голосованием. За исключением вакантной должности старшего преподавателя, выборы которых проводятся на Ученом совете факультета/высшей школы/института тайным голосованием.<br>35. Список участников конкурса вносится до проведения очередного заседания Ученого совета в материалы в раздел «конкурсные выборы» с указанием фамилии, имени и отчества, ученой степени и звания, стажа работы, названия занимаемой |

| | |
|---|---|
| китепчесине киргизилет. | должности. |
| 36. Профессордук-окутуучулук курамдагы бош орундарды ээлөө конкурсуна бардык катышкандардын аты-жөнү жашыруун добуш үчүн бир бюллетенге алфавиттик тартипте киргизилет. | 36. Фамилия, имя и отчество всех участвующих в конкурсе на замещение выборных вакантных должностей профессорско-преподавательского состава вносятся в один бюллетень для тайного голосования в алфавитном порядке. |
| 37. Профессордук-окутуучулук курамдагы бош орундарды ээлөө конкурсуна катышкан адамдар Окумуштуулар кеңешинин жыйынына катыша алышат. | 37. Лица, участвующие в конкурсе на замещение вакантных должностей профессорско-преподавательского состава, могут присутствовать на заседании ученого совета. |
| 38. Окумуштуулар кеңеши добуш берүүнү өткөрүүдөн мурда курамында кеминде 3 мүчөдөн турган эсептөө комиссиясын шайлашат. Эсептөө комиссиясы ар бир талапкер боюнча добуш берүүнүн жыйынтыгын угузат. | 38. Для организации голосования ученый совет перед началом голосования избирает счетную комиссию в составе не менее трех членов ученого совета. Счетная комиссия оглашает результаты голосования по каждой кандидатуре. |
| 39. Эсептөө комиссиясынын протоколу Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрүнүн ачык добуш берүүсү менен бекитилет жана конкурстун материалдарына негизделет. | 39. Протокол счетной комиссии утверждается открытым голосованием членов Ученого совета и приобщается к материалам конкурса. |
| 40. Эгерде конкурсту өткөрүүдө Окумуштуулар кеңешинин курамынын үчтөн экиси (2/3) катышса, анын чечими мыйзамдуу болуп саналат. | 40. Решение Ученого совета при проведении конкурса считается правомочным, если на нем присутствует не менее двух третей (2/3) его состава. |
| 41. Жыйынга катышкан Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрүнүн жарымынан көп добушун алган талапкер шайланган болуп эсептелет. | 41. Избранным считается кандидат, получивший более половины голосов из числа присутствующих на заседании членов Ученого совета. |
| 42. Эгерде шайлоого экиден ашык талапкер катышса жана алардын бири дагы биринчи турда шайлоочулардын жарымынан көбүнүн добушун албаса, анда шайлоонун экинчи туру ошол эле жыйында ошол эле күнү өткөрүлөт. Биринчи турда добуштардын жөнөкөй көпчүлүк добушун алган эки талапкер экинчи турдагы добуш берүүгө киргизилет. Экинчи турда добуштардын жөнөкөй көпчүлүгүн алган профессордун, доценттин, улук окутуучулуктун кызмат ордуна талапкер шайланды деп эсептелет. Эгерде экинчи турда талапкерлер бирдей добушка ээ болсо, анда шайлоо жараксыз деп табылып, ректор жаңы шайлоону дайындайт. Кийинки шайлоо 3 | 42. Если в выборах участвовало более двух кандидатов и ни один из них не получил в первом туре более половины голосов, участвующих в голосовании, то второй тур выборов проводится на том же собрании и в тот же день. В бюллетень второго тура вносятся две кандидатуры, набравшие простое большинство голосов в первом туре. Избранным считается кандидат на должность профессора, доцента, старшего преподавателя получивший простое большинство голосов избирателей во втором туре. Если кандидаты получили равное количество голосов во втором туре, то выборы считаются несостоявшимися и ректор назначает проведение новых выборов. Следующие выборы должны состояться в срок до 3 месяцев. |

| | |
|---|---|
| айдын ичинде өтүшү керек.<br>ОшМУнун Окумуштуулар кеңеши (факультет/жогорку мектеп/институт) тарабынан шайланган профессор, доцент, улук окутуучу кызмат ордуна 14 күндүн ичинде жетекчинин буйругу менен дайындалат, андан кийин эмгек келишими түзүлөт.<br>43. Конкурска арыз берилбеген учурда, конкурс болбой калат.<br>44. Конкурстун ар бир катышуучусуна конкурс аяктаган күндөн кийин бир ай ичинде жазуу түрүндө конкурстун жыйынтыгы тууралуу билдиришет.<br>45. Конкурстун жыйынтыгы тууралуу чечим ректордун буйругу менен тастыкталат. Буйруктун көчүрмөсү тийиштүү кызматка шайланган кишиге тапшырылат | Избранный Ученым советом ОшГУ (факультета/ высшей школы/института), кандидат на должность профессора, доцента, старшего преподавателя в течение 14 дней назначается на эту должность приказом руководителя с последующим заключением трудового договора.<br>43. В случае отсутствия заявлений на конкурс, он считается не состоявшимся.<br>44. Каждому участнику конкурса сообщается о результатах конкурса в письменной форме в течение месяца со дня его завершения.<br>45. Решения по результатам конкурса оформляются приказом ректора. Копия приказа вручается лицу, избранному на соответствующую должность |
| **4. Профессордук-окутуучулук курам менен келишимди токтотуунун негиздери**<br>46. Мурда ээлеген кызмат орундарына конкурс боюнча шайланбай калган, ошондой эле конкурска катышуу үчүн арыз бербеген кызматкерлер башка кызмат орундарына которулат же шайлоо мөөнөтү аяктагандыгына байланыштуу кезектеги семестр аяктагандан кийин иштен бошотулат (Мисалы: профессор кызмат орундан доценттикке, доцент – улук окутуучу, улук окутуучу – окутуучу).<br>47. Ректордун демилгеси боюнча 5 жылга чейинки мөөнөткө конкурс боюнча ээлеген кызмат ордунан профессордук-окутуучулук курам менен эмгек келишимин мөөнөтүнөн мурда бузууга төмөнкү учурларда жол берилет:<br>- окуу жылы (семестр) аягында штаттардын кыскаруусу (кафедранын/кафедранын/циклдин окуу жүгүнүн кыскаруусу) окутуучуга кеминде 1 ай мурда колун койдуруу менен жумуштан кетирүү боюнча жеке эскертилет;<br>- окутуучунун ден соолугунун абалы ээлеген кызматына | **4. Основания для прекращения договора с профессорско-преподавательским составом**<br>46. Лица, не избранные по конкурсу на должности, ранее ими занимаемые, а также не подавшие заявления для участия в конкурсе, переводятся на другие должности или освобождаются от работы в Университете после окончания очередного семестра, в связи с истечением срока избрания (Например: профессор на должность доцента, доцент на должность старшего преподавателя, старший преподаватель на должность преподавателя).<br>47. Досрочное прекращение трудового договора с профессорско-преподавательским составом от занимаемой должности, прошедших по конкурсу до 5 лет по инициативе ректора допускается в случаях:<br>- сокращения штатов (сокращение учебной нагрузки кафедры/отделения/цикла) после окончания учебного года (семестра), с предупреждением преподавателя об увольнении персонально, под расписку, не позднее, чем за 1 месяц;<br>- признания преподавателя соответствующим медицинским учреждением несоответствующим занимаемой должности по |

| | |
|---|---|
| тоскоолдук болот (оруунун узактыгы тынымсыз 4 айга созулганда) деп медициналык мекеме тарабынан таанылганда;<br>- окутуучу келишимдин шарттарын бузганда (Университеттин Уставын сактабаганда, ички тартип эрежелерин бузганда, жумуштун жекече планын аткарбаганда, эмгек келишим менен шартталган ишти же окуу сабактарынын бекитилген жадыбалына ылайык ишти жүйөлүү себептер боюнча аткарууга мүмкүнчүлүгү жок экендигин администрацияга өз убагында билдирбесе);<br>- Университеттин тиешелүү локалдык ченемдик актысында белгиленген жылдык рейтингдин жыйынтыгы боюнча.<br>- Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинде, Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинде жана Университеттин Уставында, локалдык ченемдик актыларында каралган башка негиздер боюнча.<br>48. Ректор профессордук-окутуучулук курамдын ээлеген кызматына ылайык келбегендиги жөнүндө маселени ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинин чечимине чыгарууга укуктуу.<br>49. ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинде педагогикалык кызматкердин ээлеген кызмат ордуна ылайыктуулугу жөнүндө маселени чечүүгө чейин анын ишин ректор бекиткен комиссия текшериши керек.<br>50. Педагогикалык кызматкердин лекцияны окуусу, практикалык жана семинардык сабактары канааттандырарлык эмес болгон учурда, илимий, методикалык жана тарбиялык иштерин төмөнкү деңгээлде жүргүзсө, Окумуштуулар кеңешинин чечиминин негизинде ал жумуштан бошотулат.<br>51. Бул ишти улантууга туура келбеген адеп-ахлаксыз жоруктарды жасаган университеттин профессордук-окутуучулук курамынын мүчөлөрүн кызматтан бошотуу профсоюз уюмунун макулдугу менен ректордун буйругу менен жүргүзүлөт.<br>Университеттин бардык кызматкерлери Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарынын, Университеттин Уставын, | состоянию здоровья (продолжительная болезнь более 4-х месяцев, без перерыва), препятствующему продолжению работы;<br>- нарушения преподавателем условий договора или гражданско-правового договора (несоблюдение Устава вуза, нарушение правил внутреннего распорядка, невыполнение индивидуального плана работы, несвоевременное оповещение администрации о невозможности по уважительным причинам выполнять работу, обусловленную трудовым договором, или работу согласно утвержденному расписанию учебных занятий);<br>- по результатам ежегодного рейтинга, установленного соответствующим локальным нормативным актом Университета.<br>- по другим основаниям, предусмотренным Трудовым кодексом Кыргызской Республики, Гражданским кодексом Кыргызской Республики, Уставом Университета и локальными нормативными актами.<br>48. Ректор имеет право выносить на решение Ученого совета ОшГУ вопрос о несоответствии профессорско-преподавательского состава занимаемой должности.<br>49. Решению вопроса на Ученом совете ОшГУ о соответствии педагогического работника занимаемой должности должна предшествовать проверка его работы комиссией, утверждаемой ректором.<br>50. Освобождение педагогического работника по несоответствию на основании решения Ученого совета допускается в случае неудовлетворительного чтения им лекций, проведения практических и семинарских занятий, выполнения на низком уровне научной, методической и воспитательной работы.<br>51. Увольнение членов профессорско-преподавательского состава вуза, совершивших аморальные проступки, не совместимые с продолжением данной работы, производится приказом ректора с согласия профсоюзной организации.<br>Все работники Университета обязаны соблюдать |

| | |
|---|---|
| Университеттин ички эрежелеринин жана университеттин башка жергиликтүү ченемдик актыларынын талаптарын сактоого милдеттүү.<br>Эмгек тартибин бузгандыгы үчүн университеттин кызматкерлери Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарына ылайык дисциплинардык жоопкерчиликке тартылышат | требования трудового законодательства Кыргызской Республики, Устава Университета, Правил внутреннего распорядка Университета и других локальных нормативных актов Университета.<br><br>За нарушение трудовой дисциплины работники Университета привлекаются к дисциплинарной ответственности согласно нормам трудового законодательства Кыргызской Республики |
| 5. Ушул Жобонун шарттарына ылайык бош кызмат орундарына шайлоону белгилеп өткөрүүнүн шарттары жана тартиби.<br>(Бул бөлүм 2025-жылдын 1-сентябрына чейин жарактуу)<br><br>5.1. Кызмат орундарына шайлоолорду өткөргөнгө чейинки учурда профессордун/доценттин/улук окутуучунун бош кызмат орундарына шайлоолорду өткөрүүнүн жана кызмат орундарынын мөөнөтүн узартуунун тартиби.<br>Ушул Жобонун талаптарына жооп берген талапкерлер Жободо белгиленген тартипте профессор/доцент/улук окутуучу кызматына конкурстук шайлоого катыша алат.<br>2023-2024-окуу жылынын экинчи жарымында мөөнөтү аяктаган жана ректордун буйругу менен 2023-2024-окуу жылында аталган кызмат орундарына дайындалган кызматкерлер үчүн профессор/доцент/улук окутуучу кызматтарын ээлөөнүн мөөнөтү ушул жобонун талаптарына ылайык келбеген учурда ректордун буйругу менен окутуучунун арызынын негизинде 2024-жылдын 1-сентябрына чейин узартылат.<br>2024-2025-окуу жылынын башынан тартып ушул жобонун талаптарына жооп бербеген кызматкер менен бир окуу жылына жеке эмгек келишими түзүлөт.<br>Профессор/доцент/улук окутуучу кызмат ордуна жаңыдан | 5. Условия и порядок назначения и проведения выборов на замещение вакантных должностей в период перехода к условиям настоящего Положения.<br>*(Данный раздел действует до 1 сентября 2025 года)*<br>5.1. Порядок продления срока пребывания на должностях и проведения выборов на замещение вакантных должностей профессора/доцента/старшего преподавателя в переходный период.<br>Кандидаты, у которых личные показатели соответствуют требованиям настоящего положения, будут участвовать на конкурсных выборах на замещение должностей профессора/доцента/старшего преподавателя согласно процедуре, установленной настоящим Положением.<br>Срок замещения должностей профессора/доцента/ старшего преподавателя для сотрудников, у которых срок истекает во втором полугодии 2023-2024 учебного года и которые назначены приказом ректора на указанные должности в 2023-2024 учебном году, и личные показатели которых, не соответствуют требованиям настоящего положения, по заявлению преподавателя продлеваются приказом ректора до 01 сентября 2024 года.<br>С начала 2024-2025 учебного года при наличии учебной нагрузки с сотрудником, у которого(й) личные показатели не соответствуют требованиям настоящего положения, будет составлен индивидуальный трудовой договор сроком на один учебный год. |

| | |
|---|---|
| кабыл алынган, иш тажрыйбасы жеткиликтүү жана Жобонун талаптарына жооп берген талапкерлер конкурстук шайлоого чейин ректордун буйругу менен дайындалат.<br>Факультеттин Окумуштуулар кеңешинин чечими менен айрым кафедралардын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен, талапкерге кафедра башчысынын кызмат ордун ээлөө үчүн зарыл болгон кошумча талаптарды иштеп чыгышы мүмкүн | Кандидаты, вновь принимаемые на работу, имеющие опыт и показатели, соответствующие требованиям настоящего положения, назначаются на должность профессора/доцента/ старшего преподавателя приказом ректора до проведения конкурсных выборов.<br>Решением Ученого совета факультета, учитывая специфику некоторых отдельных кафедр, могут быть разработаны дополнительные требования, определяющие перечень профилей, необходимые для кандидата на замещение должности заведующего кафедрой |